КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
СОКУЛУК РАЙОНУ
ЖАНЫ-ПАХТА АЙЫЛДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
ЖАНЫ-ПАХТИНСКИЙ
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

ТОКТОМ № 19-29/8

29 чакырылышынын 19-сессиясы **03.06. 2026 ж.**

« Жаңы-Жер айылындагы №385 контурундагы жалпы аянты 3,4 га жана №231 контурундагы жалпы аянты 0,6га мамлекеттин менчигиндеги айыл чарба багытындагы жайыт жердин багытын «Өнөр жай, транспорт, байланыш, энергетика, коргонуу жана башка багыттагы жерлер» категориясына которууга (трансформациялоо) макулдук берүү жөнүндө»

Көчмөндөр маданиятын өнүктүрүү, ат спорт оюндарын жандандыруу, аймакта эл аралык жана жергиликтүү деңгээлдеги спорттук иш-чараларды өткөрүү үчүн зарыл болгон ат майданын жана аткана куруу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 4-ноябрындагы №665 токтому менен бекитилген «Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө жобого» ылайык, айылдык кеңеш,

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Жаңы-Жер айылындагы ат майданын жана аткана куруу үчүн мамлекеттин менчигинде турган, №385 контурундагы жалпы аянты 3,4 га жана №231 контурундагы жалпы аянты 0,6га болгон айыл чарба багытындагы жайыт жер тилкесин «Өнөр жай, транспорт, байланыш жана башка багыттагы жерлер» категориясына трансформациялоого (которууга) укуктук макулдук берилсин.
2. Жер тилкесинин максаттуу багытын өзгөртүү боюнча тиешелүү документтерди мыйзамда белгиленген тартипте даярдоо жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга кароого киргизүү Жаны-Пахта айыл өкмөтүнө тапшырылсын.
3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Жаны-Пахта айыл өкмөтүнүн башчысы М.К Абдыкеримовго жүктөлсүн.

Жаны- Пахта айылдык
кеңешинин төрагасы Саитбеков З.М.